КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМДЕР УЛУТТУК АКАДЕМИЯСЫ

ФИЛОСОФИЯ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Д 09.04.258

Кол жазма укугунда

УДК 10(09)(575.2)(043.3)

ИСАКОВ КУБАНЫЧБЕК АБДЫКАДЫРОВИЧ

# «КУТТУУ БИЛИМ» ТРАКТАТЫНДАГЫ ЭПИКО-ДОКСОГРАФИЯЛЫК ПАРАДИГМАЛАРДЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

Адистиги: 09.00.03 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**а в т о р е ф е р а т ы**

Бишкек – 2005

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин философия жана башкаруу технологиялары факультетинин философия кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчилери:** философия илимдеринин доктору, профессор **Ш.Б. БАЗАРБАЕВ**;

КР ИУАсынын ардактуу академиги, философия илимдеринин доктору, профессор **А.И.НАРЫНБАЕВ**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору **Ы.М.МУКАСОВ**;

философия илимдеринин кандидаты

**З. Т. РЫСАЛИЕВА**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалалабат мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы

Диссертациялык иш 2005-жылдын "_____" ________________ саат ______ Кыргыз Республикасынын ИУАсынын Философия жана укук институтунун алдындагы (тең уюштуруучусу - ОшМУ) философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д 09.04.258 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертация менен КР ИУАсынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а).

Автореферат 2005-жылдын "______" _____________ жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы**
**философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **М.Ж. Жумагулов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Татаал тарыхый процесстин катаал логикасына ылайык түзүлгөн геосаясий кырдаалга жараша учурда эгемендүү улут маданияты өз алдынча өнүгүү жолуна ээ болду. Эркиндикке эгедер социомаданий процесстерди демократиялаштыруу, өткөндө өкүм сүрүп келген ыгы жок тыйюу салуулардан, чектөөлөрдөн арылууга мүмкүнчүлүк берген өбөлгөлөрдү шартады. Ошондон улам, ушул учурда өткөндүн мурастарына кызыгуу күчөп, илимий изилдөө иштери бир топ деңгээлде жанданды. Ушуга байланыштуу орто кылымдагы Чыгыш ренессансынын теориялык булактарынын бири болгон орошон ойчул, таланттуу акын Жусуп Баласагындын жана анын "Куттуу билим" трактатынын учурдун талабына ылайык илимий талдоодон өткөрүү зарылдыгы келип чыкты. Анткени, Жусуп Баласагын сыяктуу омоктуу жөндөм-шыгы, бийик философиялык ойлом-туюму бар инсандардын чыгармачылыгын изилдөө дайыма актуалдуулугун жоготпойт. Жогоруда белгилентендей ар бир улут эркин өсүп-өнүгүү жолуна түшкөн шартта, мындай мурасыбызга кайрылуунун илимий зарылдыгын күчөтүп, дааналайт. Даанышман-ойчулдун эпико-доксографиялык мүнөздөгү эмгегинде жалпы адамзаттык баалуулуктар (парадигмалар): адамзат рухундагы айкөлдүк, адилдик, асылдык, адамгерчилик, сулуулук өңдүү субстанция-императивдер бүгүнкү күндө да өз маанисин жогото элек. Өткөн маданияттын жетишкендиктерин кеңири пайдаланууну жалаң эскиге кайрылуу катары баалабай, унутта калган интеллектуалдык дөөлөттөрдүн кайра жаралышы, жаңы баалуулуктарды калыптандыруунун чыгармачылык ыкма-жолу катары түшүнүү абзел. Айталы, байыркы Кытай философиясындагы Конфуцийдин терең маанилүү окуусу кылымдарды карытып, турмуштук тажрыйбанын түбөлүктүү үлгүсү катарында колдонулуп келүүдө. Ал эми бизде, тескерисинче, философемалык "дүрмөткө" ээ дүйнөтаанымдын эпикалык формалары, кечээки эле XIX кылымдагы даанышмандардын мурастары унутта калган учурлар көп. Ошондуктан илим жаатындагы учурдагы урпактардын ыйык милдети-өтүмүштүн философиясын камтыган эпикалык (доксографиялык) парадигмалардын дүйнөкараштык маңызын адекваттуу аңдап, тарыхыбыздагы аргасыздан үзүлгөн учукту улоо, өтмүшүбүздөгү рухий-субстанциялык вакуумду толтуруу болуп саналат.

Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" трактаты орто кылымдагы мусулман дүйнөсүндөгү саясий-укуктук, философиялык, моралдык-этикалык, эстетикалык

нцептердин жобо-сентенцияларын камтыган көрүнүктүү энциклопедиялык ıгармалардан. Анын көп кырлуу бай маңыз-мазмунунда адам рухундагы ıилдик, асылдык, баалуулук, тазалык, каниеттүүлүк, сонундук, сулуулук дегеле ıамдын өзүнө, келечек урпактарга, жаратылышка болгон нукура гуманисттик деялары баса белгиленген.

Эгерде антик дүйнө түшүнүмүнүн көңүл борборунда "жаратылыштык-эсмостук" турмуш, ал эми орто кылымда – "кудай" турса, Чыгыш ренессанс оорунда бул абалда "адам" турат. Ошол себептен аталган мезгилдин илософиялык ой-жүгүртүүсү "антропоцентристтик" мүнөзгө ээ. Мындай лимий-теориялык гипотезанын гносеологиялык тамыры космоцентризм менен еоцентризимдин кайчылаш каршылыгы адам, анын дуалисттик парасаты ркылуу чечилиши менен түшүндүрүлөт. Жусуп Баласагындын чыгармачылыгы бүтүндөй адамзат проблемасына багышталат, ал эми биз иликтеген "адам", "инсан" проблемасы болсо түбөлүктүү, актуалдуу бойдон кала берет.

Ушундан улам азыркы коомдук турмушубуздун кескин өзгөрүшү менен шартталган "эски" жана "жаңы" парадигмалардын тогошу "Куттуу билимдеги" теориялык жана практикалык субстанциялардын "Жусуптук" ыкмаларына кайрылуунун зарылдыгын айгинелеп турат.

**Проблеманын изилденүү деңгээли.** Акын-ойчул Чыгыш ренессансынын ири өкүлү, жердешибиз Баласагындык Жусуптун жана анын мындан он кылым мурда жазган баа жеткис мурасы болгон этика-дидактикалык чыгармасы "Куттуу билим" бүгүнкүгө чейин жетип, өз руханий маанилүүлүгүн жоготпой, окумуштуулар арасында ар тараптуу изилдөөлөргө ээ болуп олтурат.

Чыгыш таануучулардын (востоковед) жана түркологдордун арасында Баласагындык Жусуп жана анын "Куттуу билим" эмгеги кеңири маалым. Көптөгөн дүйнөлүк – окумуштуу илимпоздорду анын ичинен тарыхчыларды, философторду, тилчи-адабиятчыларды даанышман ойчулдун чыгармасы кызыктырып жаткандыгы тегин эмес.

"Куттуу билимди" изилдеп үйрөнүү иштери XIX кылымдын 20-30-жылдары Европада башталган. Поэма эң алгач француз түркологу Париж колледжинин чыгыш тилдери боюнча профессору А.П.Жобер тарабынан иликтенет. Веналык кол жазма боюнча иштеген А.П.Жобердин "Азия" журналынын 1825-жылындагы VI томунун 31-чи санына жарыяланган илимий макаласында көптөгөн так эместиктер болгонуна карабастан, Европа аймагында "Куттуу билимди" үйрөнүү биринчи жолу ушул аракеттен башталган десек болот. Андан кийин "Куттуу



билимге" Казань шаарындагы илимпоздор кызыга башташкан. 1849-жылы жарыяланган түрк "хрестоматиясына" (I томуна) И.Н.Березин А.П.Жобер бастырган "Куттуу билимге" киришүүнүн текстин кошкон. Ошол эле кириш сөздө Н.И.Илминский 1861-жылы "Түрк – татар тили курсуна кириш окуусу" деген эмгегинде пайдаланган. 1870-жылы венгер түркологу Г.Вамбери поэманын Веналык кол жазмасын толугу менен венгер тилинде жарыялаган.

Россияда "Куттуу билимди" үйрөнүүнүн олуттуу илимий багыты академик В.В.Радловдун аракеттерине таандык. Ал бул ишке өзүнүн көп жылдык өмүрүн арнаган. Адегенде окумуштуу дастандын веналык кол жазмасын жарыялоо иишин колго алган. Чыгарманын транскрипциясынын 1-томун 1891-жылы жарыялап, 1897-жылы аны немец тилине которо баштагандан соң В.В.Радлов ишти убактылуу токтотууга мажбур болгон. Анткени ал дастандын Каирдеги кол жазмасынын табылышы менен эки кол жазма салыштырылган, транскрипцияланган жана немец тилине которулуп басылган үлгүнү 1909-1910-жылдары ишке ашырган. Дастанды изилдөөнү В.В.Радловдон кийин анын окуучусу С.Е.Малов улантып, өзүнүн "Памятники древнетюркской письменности" деген белгилүү эмгегине андан үзүндүлөрдү которуп киргизген. Түрк окумуштуулары А.Дильачар менен Р.Арат чыгарманы түрк тилине которушкан. Р.Арат "Куттуу билимдин" үч кол жазмаларын салыштырып, сын көз менен талдоодон өткөргөндөн кийин, дастанды толук жана көп жагынан туура үлгүсүн таап чыккан. Ушул кол жазманы негиз кылып, өзбек филологу Каюм Каримов чыгарманын өзбек тилиндеги котормосун 1971-жылы жарыялаган. Андан кийин "Куттуу билимдин" толук поэтикалык варианты 1983-жылы С.Н.Иванов тарабынан орус тилине которулган. 1984-жылы Пекинде Абдураим Өткүр, Ахмет Зия, Мемтемин Юсуф, Абдүшүкүр Турду, Абдулла Мухамеди, Махмуд Зейди уйгур тилинде даярдап которушту. 1986-жылы А.Егеубаев казак тилине которгон. Ал эми 1988-жылы кыргыз тилине Төлөгөн Козубеков дастанды алгач "Кут алчу билим", кийин 1993-жылы "Куттуу билим" (Москва) деген ат менен которуп жарыкка чыгарган.

"Куттуу билимди" изилдеп-үйрөнүү ишине жогорудагы биз сөз кылган окумуштуулардан башка В.В.Бартольд, Е.С.Бертельс, А.Н.Кононов, Д.М.Насилов, А.Валитова, И.В.Стеблева, Ф.Р.Зейналов, Б.Кенжебаев, Н.Калимбетов, В.У.Махпиров, А.Х.Касымжанов, Д.М.Мажиденова, И.В.Боролина ж.б. өз салымдарын кошушкан.

Кийинки кездерде кыргыз илимий коомчулугу тарабынан ойчул-акындын чыгармачылыгына жана анын атактуу эмгегине болгон илимий аракеттер бир топ колго алынды. Ошол эле учурда совет доорунда Кыргызстандын гуманитардык илиминде алгачкылардан болуп академик А.Алтмышбаев Жусуп Баласагындын философиялык ойлоосунун өнүгүү динамикасын биринчилерден болуп изилдегенин белгилеп кетүү абзел. Окумуштуу “Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии” деген монографиясында дастан тууралуу өз ой-пикиринде дастанды орус тилине которгон Н.Гребневдин пикирин толук бойдон колдоого алуу менен, “славян элдери үчүн “Игордун кошуну тууралуу сөз” кандай мааниге ээ болсо, биз үчүн мына ушундай ролду “Куттуу билим” ээлейт”[1] – деп жазган.

Сөз болуп жаткан мурасты окуп-үйрөнүүдө Ө.Караевдин “История Караханидского каганата” аттуу эмгегинде Жусуп Баласагын жана анын дастаны жөнүндө үстүртөн гана сөз болот. Негизинен бул эмгекте улуу ойчул жашаган доор жана ошол кездеги түрк уруулары жөнүндө кеңири баяндалат.

Жусуп Баласагын жана анын “Куттуу билим” эмгегинин философиялык, тарыхый, адабий-филологиялык таризде изилдөө жана иликтөөгө бүгүнкү күндө көптөгөн окумуштуулар белсенип киришүүдө. Мисалы, А.И.Нарынбаев, А.А.Бекбоев, Ө.К.Козубаев, Ы.М.Мукасов, А.Ч.Какеев, А.К.Асанбаев, Ш.Б.Базарбаев, А.Алиев, О.А.Тогусаков, З.Э.Эралиев, Т.Чоротегин, Ж.Шериев, А.А.Акматалиев, К.А.Артыкбаев, А.Э.Эркебаев ж.б. эмгектери Жусуп Баласагындын дүйнө таанымына байланыштуу зор мааниге ээ болгон көптөгөн материалдарды, фактыларды өз ичине камтыйт.

**Диссертациялык иштин негизги максаты** карама-каршылыктарга жык кыргыз элинин улуттук-рухий маданиятынын калыптанышын тескеп иликтөөнү мейкиндик менен мезгилдин айкалышы менен мүнөздөлгөн тарыхый алкакка жараша конкреттештирүү жана Чыгыш ренессансы менен киндиктеш “Куттуу билим” трактатынын эпико-доксогрфиялык парадигмаларын метафилософиялык субстанцияларды, моралдык-этикалык, адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, эстетикалык көз караштардын постклассикалык философиясы өңүтүнөн соңку илимий назарияттын нугунда дагы бир ирет эс-акылдын элегинен өткөрүү. Аталган максатты ишке ашырууда диссертациялык изилдөөгө төмөнкү **милдеттер** коюлду:

[1] Аталган автордун ж.б. авторлордун эмгектери диссертациялык иште шилтемелер келтирилип жана алар пайдаланылган адабияттардын тизмесинде көрсөтүлгөн.



- Чыгыш ренессансынын маңызын тереңдеп аңдап, анын дүйнөлүк маданиятка тийгизген таасирин тактап, концептуалдык өзгөчөлүгүн дааналоо;

- орто кылымдардагы кыргыз элинин социомаданий, социотарыхый абалынын жана дүйнөгө болгон көз караштарынын өзгөчөлүктөрүн Чыгыш ренессансы менен байланыштырып, тарыхый конкреттүү мисалдардын негизинде аңдоо-сыпаттоо;

- Жусуп Баласагындын дүйнө таанымын жана анын “Куттуу билим” аттуу эмгегин изилдөөгө байланыштуу илимий тажырыйбада белгиленип жүргөн айрым маселелерди конкреттештирүү;

- улуу акын-ойчулдун философиялык дараметин жана дүйнөтаануу системаларын илимий негизде тактап, философемалык табияты боюнча айрымаланган эпико-доксографиялык парадигмаларын дааналоо;

- “Куттуу билим” трактаты моралдык-этикалык императив түшүнүктөрдүн логико-гносеологиялык статусун учур койгон талаптарга ылайык аңдоого аракакеттенип, алардын эвриситикалык маңызын тактоо;

- жалпылаштырылып чагылдырылган дүйнөтүзүлүштү, анын табышмактуу татаал сырларын асылдыктын негизинде аңдоого арналган “Куттуу билимдеги” эстетикалык жобо-дөөлөттөрдүн рефлексиялык кудуретин тактоо;

- түбөлүк кайчылаш карым-катнаштагы мейкиндик менен мезгилдин, табият менен рухтун тогошуусун дааналаган данакер деисттик мүнөздөгү дуалисттик феномен-адам проблемасын “Жусуптук” интерпретацияланышына учур өңүтүнөн назар салуу.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети**. Акын-ойчул Жусуп Баласагындын формалык өңүтүнөн эпикалык, мазмун- кудрети боюнча философемалык-доксографиялык мүнөздөгү энциклопедиялык “Куттуу билим” трактатында турмуш талабынан улам жаралган көркөм-образдык татаал ойтааным сентенциялары, алардын ички табияты изилдөөнүн обьектиси болуп эсептелет. Ал эми аталган обьектини адекват аңдоо мүмкүнчүлүк-шарт түзгөн логикалык каражат-ыкмалар (түшүнүктөр, категориялар, жоболор, парадигмалар) карама-каршылыктын чыңалышы, чечилиши; тарыхый конкеттүүлүк, логиклык татаал, обьективдүүлүк, жөнөкөйдөн татаалга, абстрактуулуктан конкретүүлүккө умтулган тааным процесси, обьективдүү жана субьективдүү акыйкаттык ж.б. иликтөөнүн предмети болуп саналат.

**Иштин методологиялык жана теориялык негизи** катары тарыхый салыштырма жана поэманы талдоого комплекстүү мамиле кылуу ыкмалары,

дүйнөлүк философиянын классиктеринин эмгектери, ошондой эле кыргыз философторунун философиянын тарыхына (айрыкча кыргыз философиясынын жана коомдук ойлорунун тарыхына) арналган изилдөөлөрү жана жалпы эле эмгектери, этикалык, эстетикалык, гуманисттик багыттагы илимий эмгектер кызмат өтөдү.

Жалпы илимий-методикалык, тарыхый-логикалык, системалык, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, диалектикалык, аналитикалык, анализдик жана синтездик методдор, эпистемологиялык, аксиологиялык, коммуникативдик, семиотикалык жана социодетерминанттык принциптер жобо катары эске алынды.

**Диссертациялык иштеги илимий жаңылык**. Иште Жусуп Баласагындын философиясына жана дүйнөтаануусуна, моралдык-этикалык интерпретацияларына, эстетикалык көз караштарына комплекстүү талдоо жүргүзүү менен, ойчулдун гуманисттик философемаларын айкындоого аракеттер жасалды. Төмөнкү жоболор диссертациялык иштин жаңылыгын аныктайт:

- ренессанс бүткүл дүйнөлүк кубулуш экендиги жана Батыштагы кайра жаралуу дооруна чейин эле Чыгышта ренессанстын болгондугу тарыхый-философиялык жана илимий деңгээлде чечмеленди;

- орто кылымдардагы улуу инсандардын таржымал жана алардын чыгармаларынын элдердин руханий байлыгына тийгизген таасирлери көрсөтүлдү;

- орто кылымдардагы кыргыз элинин социомаданий, социотарыхый абалы жана дүйнө караштары гуманитардык таризде талдоого алынды;

- Жусуп Баласагын жана анын “Куттуу билим” эмгегине болгон ар кандай ой-пикирлерге жана көз караштарга карата жаңыча пикирлер белгиленди;

- Жусуп ойчулдун дүйнөгө болгон көз карашы жана дүйнө таануусу постфилософиялык жагдайдан проекцияланды;

- поэмадагы моралдык-этикалык жана эстетикалык маселелер ар тараптуу каралды жана жаратылыш коолдугу менен адам сулуулуктарынын ортосундагы шартташуусу аныкталды.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.** Жусуп Баласагындын дүйнөтаанымына ойчулдун “Куттуу билим” эмгегинин негизинде жасалган тарыхый философиялык анализ изилдөөнүн төмөнкү жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзөт:



- Жусуп Баласагын жашаган доор – илим-билим өнүгүп, маданият гүлдөп турган орто кылымдардагы Чыгыш ренессансы дооруна туура келет. Анткени орто кылым Чыгыш эли үчүн өзгөчө мезгил: ар кандай элдердин маданияттары, рухий мурастары жуурулушкан ошол учурда улуу акындар, ойчулдар жана философтор келип чыккан. Улуу инсандардын чыгармалары, реалисттик ойлору дүйнө түшүнүүнүн өзгөчө системасы жана философиялык багыты болгон Чыгыш перипатетизми менен тыгыз байланышта өнүккөн. Жусуп Баласагындын көз караштык принциптери белгиленген социомаданий процесстин натыйжасы;
- Жусуп Баласагындын философиялык идеяларынын, моралдык-этикалык көз караштарынын жана эстетикалык баалуулуктарынын генезисине антик философиясы, чыгыш перипатетиктеринин идеялары, улуттук түшүнүктөрдүн системасы жана ойчулдун жеке эмпирикалык билим деңгээли зор таасир берген;
- өз мезгилинде Жусуп Баласагын ааламдын табышмактуу сырларын табууга өз дараметин жумшаган. Ал өзүнүн философиялык көз карашын төрт башталма жана космологиялык, гносеологиялык концепциялар аркылуу билдирет;
- “Куттуу билим” ойчулдун коомдук-саясий көз карашынын өзөгүн түзгөн мамлекет башкаруу структурасын, андагы инсандардын кесиптик компетенциясын, ар бир кесиптин этика-эстетикалык ченемдерин, милдеттерин жана парздарын өтө так жана айкын берген. Эмгек мамлекетти адилет башкарууга, адамдардын тең укукка жетишүүсүнө жана идеалдуу мамлекеттик түзүлүштү жаратуу идеясынын калыптанышына багыт берет;
- ойчулдун чыгармасы ыйман, адеп-ахлак, таалим-тарбияга багытталган дидактикалык чыгарма. Анын ар бир ыр саптарынын негизинде жогорку бийиктиктеги адептик мамилелер, адамзаттык баалуулуктар жатат жана алар келечек муундарды тарбиялоодо идеологиялык кызмат өтөй алат;
- Жусуп Баласагындын чыгармасын “адамзат философиясы” деп атоого ойчулдун чыгармасында кеңири колдонулган төмөнкү: “жакшылык менен жамандык”, “адептүүлүк менен наадандык”, “билимдүүлүк менен билимсиздик”, “сылыктык менен оройлук”, “байлык менен жакырчылык”, “жаштык менен карылык”, “өмүр менен өлүм” ж.б.у.с. турмуштук категориялар толук укук берет.

**Диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси**. Жусуп Баласагындын чыгармачылыгындагы социалдык-философиялык, гуманисттик ойлорду тарыхый-философиялык изилдөө – диссертациянын теориялык маңызын түзөт. Ойчулдун чыгармачылык идеялары элибиздин коомдук-саясий, социалдык, философиялык, тарбиялык жана идеологиялык өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт.

Диссертациялык иштин негизги жоболору Жусуп Баласагындын чыгармачылык индивидуалдуулугун таанып-билип үйрөнүүдө болочок философторго, тарыхчыларга, адабият таануучуларга, тилчи-филологдорго, ошондой эле жалпы окурмандарга көмөк көрсөтөт. Иштин негизги жыйынтыктары орто мектептерде, атайын орто, жогорку окуу жайларында философия сабагын, атайын курстарды, семинардык сабактарды өтүүдө, ошондой эле ойчулдун эмгегин, чыгармачылык изденүүлөрүн атайын окуп үйрөнүүдө пайдасы тийет.

**Изилдөөнүн базалык булактары**. Изилдөөнүн базалык булактарын Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" эмгеги, ошондой эле XI кылымдагы түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин руханий маданиятынын тарыхына байланыштуу маалымат иретиндеги эмгектер түздү.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору "Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы" (Ош, 1999), "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" (Ош, 2001), "Культурные наследия и инновации" (Ош, 2001), "Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары" (Ош, 2002), "Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление" (Ош, 2004), "Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций" (Ош, 2004), "Ислам в Центральной Азии" (Ош, 2004) темаларда өткөрүлгөн эл аралык жана регионалдык илимий-теориялык конференциялардын материалдарында чагылдырылган жана студенттерге окулган лекцияларда, семинардык сабактарда, атайын курстарда апробацияланган. Иштин илимий жыйынтыктары боюнча он үч макала, бир монография жарыяланган.

Диссертациялык иш ОшМУнун философия жана башкаруу технологиялары факультетинин философия, кыргыз философиясы, философиянын тарыхы кафедраларынын биргелешкен кеңешмесинде жана Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын философия жана укук институтунун философиянын теориясы жана тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды.



**Диссертациялык иштин структуралык түзүлүшү**. Диссертация киришүүдөн, эки главадан, корутунду бөлүмүнөн жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүмүндө** теманын актуалдуулугу, иликтөөнүн деңгээли, изилдөөнүн методологиясы, максаты жана милдеттери, коргоого сунушталган негизги жоболор, иштин илимий жаңылыгы, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышы жана структурасы белгиленип көрсөтүлдү.

**Биринчи глава "Чыгыш ренессансы "Куттуу билимдин" социомаданий детерминанты" деп аталып, ал эки параграфтан турат**.

**Биринчи параграф** "Чыгыш ренессансынын тарыхый – философиялык маңызы" деп аталып, анда Чыгыш ренессансы жөнүндө кеңири түшүнүктөр берилип, ошол доордогу улуу ойчулдар жана алардын чыгармачылык идеялары иликтөөгө алынат.

"Европоцентризм" деп аталган көз караштын өкүлдөрү Батыштын маданиятын Чыгыш маданиятынан жогору коюшуп, кечээ күнгө чейин чыгыш элдерин ар тараптуу басмырлап, маданияты өнүкпөгөн, артта калган элдер катары карап келишти. Жада калса "ренессанс" (кайра жаралуу) – Европага гана тиешелүү кубулуш экендигин далилдөөгө аракет кылышты. Ал эми мындай пикирлер, көз караштар эч бир чындыкка дал келбейт. Мунун далили катары көрүнүктүү орус окумуштуусу, чыгыш таануучу, академик Н.И.Конрад Чыгыш цивилизациясынын тарыхын изилдеп, илимге "Чыгыш ренессансы" деген түшүнүктү киргизген. Окумуштуу бул кубулушту иликтеп чыгып, "ренессанс Европага гана тиешелүү эмес, бул бүткүл дүйнөлүк кубулуш" экендигин баса белгилеген. Ал XIV кылымдагы Италиядагы кайра жаралууга чейин эле IX-XII кылымдарда Чыгышта ушундай жанданууунун болгондугун, андан соң ал процесс Европага жайылгандыгын көрсөтөт. Кийинчерээк Чыгыш ренессансы жөнүндө көптөгөн эмгектер жарык көргөн. Аны иликтеп жаткан ири окумуштуулардын (В.М.Жирмунский, Н.И.Конрад, Ш.И.Нуцубидзе, В.К.Чалоян, А.Ф.Лосев ж.б.) айтуусунда бул феноменди үч негизги критерий аныктап турат. Алар: **биринчи**, адамгерчилик сезими, же болбосо гуманизм деп аталат; **экинчи**, теологиялык –

диний догмалардан арылып, ааламга карата эркин ой жүгүртүү; **үчүнчү**, байыркынын классикалык үлгүсүнө кайрылуу болуп эсептелинет.

Кайра жаралуунун жогоруда белгиленген критерийлери VII кылымдарда Кытайда, IX кылымдарда Орто Азия жана Ирандагы коомдук түзүлүштөн байкалган. Кайсы жагынан алып карабайлы, ренессанс доору бүтүндөй бир региондогу элдердин экономикасын, рухий жана материалдык маданиятынын дүркүрөп өсүп өнүгүшүн өз кучагына алган. Анын пайда болушу рухий жана диний таасирлердин, экономиканын өнүгүшүнө карата өбөлгө-шарттын, бирдиктүү саясаттын өз ара бири-бири менен болгон шарттaшуусуна, эң негизгиси ошол элдерден чыккан гениалдуу инсандардын жеке аракеттеринин жаралуусуна терең байланыштуу.

Орто кылымдарда Чыгыш элдеринин маданиятынын, философиясынын өнүгүүсү жогорку деңгээлге чыккан. Мындай көрүнүш Батыштын маданиятына да өз таасирин тийгизген. Бул региондо ар кандай тарыхый-философиялык агымдар “перипатетизм”, “калам”, “суфизм” ж.б. бир эле мезгилде өкүм сүрүшкөн жана алардын ичиндеги башкы багыттын өкүлдөрү Чыгыш перипатетизминин ири ойчулдары болгон Аль-Фараби, Аль-Кинди, Ибн-Сина, Ибн-Рушд, Абу-Райхан Беруни, Аль-Хорезми, Ибн-Баджа, Ибн-Туфейл, ж.б. философиялык ой-толгоолорго жык толгон чыгармаларды жараткан. Алардын терең мазмундуу эмгектери Жусуп Баласагын сыяктуу орошон ойчулдардын чыгармачылык идеяларынын калыптанышына өбөлгө түзгөн.

**Экинчи параграф** “Чыгыш ренессансындагы кыргыз мейкиндиги” деп аталат. Анда орто кылымдардагы кыргыз элинин дүйнө таануусу, социотарыхый жана социомаданий абалы иликтөөгө алынат.

Орто кылымдардагы тарыхый мезгил – патриархалдуу-салттуу түзүлүш, жарым феодалдык, мал чарбачылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүккөн учуру болгон. Бул мезгилдеги кыргыздардын маданиятын, социалдык абалын ошол кездеги Караханийлер мамлекетинин составында жашашкан башка элдердикинен бөлүп кароого мүмкүн эмес. Себеби Караханийлер доорундагы түрк элдеринин тарыхый, маданий байланыштарын интенсивдештирген эң башкы фактор – алардын бирдиктүү мамлекеттин саясий, экономикалык бийлигинин алдында болгондугу. Бул мезгилде жалпылык менен жекелик өз ара эриш-аркак жашап, бирин-бири шарттап турат, кала берсе, ар кандай чындык салыштыруудан гана көрүнөт. Ушул айныгыс аксиоманын фонунда төмөнкү пикир ортого салынат: негизинен кыргыз элинин материалдык, маданий жетишкендиктерин жалпы



борборазиялык маданияттан ажыратып кароого болбойт, ал эми анын маданияты өткөн миң жылдыктын башында өнүгүүнүн бийик деңгээлине көтөрүлгөн.

Ошондой эле иште диссертант тарабынан орто кылымдардагы кыргыз элинин дүйнө таануусуна эки философиялык көз караш: биринчиси, көчмөн теңирчилик философиясы, ал эми экинчиси, отурукташкан ислам идеологиясы таасир тийгизгендиги белгиленип, терең философиялык проекцияда иликтенген.

**Экинчи глава "“Куттуу билимдеги” теориялык жана практикалык субстанциялар" деп аталып, өз ичине үч параграфты камтыйт**.

**Биринчи параграф** "“Куттуу билимдин” илимий-теориялык рефлексиясы" деп аталат. Анда, улуу ойчулдун трактаты али күнгө чейин көөнөрбөй, тескерисинче, ага кызыгып, изилдегендердин географиясы кеңейип бараткандыгы жана эмгектин тили, изилдөөдөгү айрым маселелер тууралуу талдоо болот. Аларга байланыштуу ой-пикирди далилдөө максатында диссертант сөз болуп жаткан поэманын жана анын авторунун тегерегиндеги изилдөөлөргө ретроспективдүү анализ жүргүзөт.

Улуу энциклопедист Жусуп Баласагындын өмүрү, чыгармачылык жолу, ал жашаган коомдук-экономикалык түзүлүш жөнүндөгү бир топ алгылыктуу пикирлер айтылат. Бул жерде негизги таяныч база катары “Куттуу билим” поэмасы алынган. А.И.Нарынбаевдин пикири боюнча, Жусуптун мындан тышкары “Саясатнамэ” (Саясат жөнүндөгү китеп) жана “Кабуснамэ” (Энциклопедия жөнүндөгү китеп) аттуу эмгектери да болгон.

Гносеологиялык мыйзамга ылайык, бир эле маңыз ар түрдүү кубулат, бул көбүнчө таанып-билүүчү субьектиге байланыштуу. Ошол сыяктуу Жусуп ойчулдун чыгармасын дүйнөнүн булуң-бурчундагы элдер ар башка аташкан. Ал ирандыктарда “Шах китеби”, араб өлкөсүндө “Өкүмдарлардын зыйнаты”, Кытайда “Мамлекет түркүгү”, турандыктарда “Куттуу билим”, ал эми айрым аймактарда “Өкүмдарларга осуят китеби” деген наамдар менен таанымал болгон. Демек, аталган чыгарма ар бир элдин жеке мүдөөсүн, арманын, үмүтүн так чагылдырып, учурдагы глобалдуу проблемаларды көтөргөндүктөн, ар кайсы жамаат ага өзүнө жаккан ат койгон.

Эмгекте Жусуп Баласагын кайсы улутка тиешелүү инсан экендиги жөнүндөгү жана дастандын тилинин тегерегиндеги кайчылаш пикирлер жалпыланат. Орто кылымдагы даанышмандар Аль-Фараби, Беруни, Махмуд Кашкар, Жусуп Баласагын ж.б. бүтүндөй түрк элдеринин жалпы мурастарын

лып жүрүүчүлөр катары бааланат. Жусуп Баласагын кыргыз жеринен чыккан, жалпы түрк элдерине тиешелүү улуу инсан, ал эми анын чыгармасы түрк элдеринин рухий орток мурасы катары каралат. Анткени белгилүү инсандар гуманизмди туу туткан ойлорду жаратуу менен жалпы адамзаттын кызыкчылыгын көздөшкөн. Жусуп Баласагын болсо ошондой инсандардын бири. Ал эми анын "Куттуу билим" дастанынын өзөгүн терең гуманисттик, философиялык ойлор түзөт.

**Экинчи параграф** "Дүйнө таануунун метафилософиялык негиздери" деп аталып, анда улуу ойчул бабабыздын дүйнөгө болгон көз карашы, айлана-чөйрө, акыл-эс, жан-дүйнө, жалпы эле аалам жана анын ачыла элек сырларынын философиялык системалуулугу жөнүндөгү ой-пикирлери иликтенет.

Диссертант ойчулдун чыгармачылыгы Чыгыштын антик ойчулдарынын эмгектери менен тектештигин, дастандагы Аалам (макро жана микро дүйнө) негизи төрт башталмадан: от, суу, аба, жерден тураарын, мындай элементтердин кошулмаларынан Аалам гармониясы (космос түзүлүшү) түзүлөрүн жана ошол доордо белгилүү болгон планеталар жөнүндө (Марс, Меркурий, Жер, Юпитер, Сатурн) жана Ай, Күндү илимий баяндап, анда алардын ар бирине түркчө ат берүү менен бирге геоцентристтик теория сыяктуу түшүнүктөрдүн, идеялардын орун алгандыгын белгилейт.

Жусуп Баласагындын философиялык системасы рационалисттик багыттагы окуу болгон. Ал адам акылын, билимин эң зарыл универсиум касиеттеринин бири деп баалаган. Адам акылынын чексиз мүмкүнчүлүктөрү тууралуу идея чыгарманын рационалисттик кудуретин күчөткөн. Өзбек окумуштуусу Ю.Джумабаев Жусуп Баласагындын дүйнөгө болгон көз караштарынын негизги өзгөчөлүгү болуп ойчулдун адам акыл-эсин терең урматтоосу, илимге кызыгуусу, маданияттуулугу жана практика менен теориянын айкалыштырууга умтулуусу эсептелет деп баса белгилейт. Чыгарманын баш каарманы Акдилмиш акын-ойчул үчүн Акыл-эстин символу. Көркөм жалпылоодон жаралган бул каармандын маңыз-мазмуну аркылуу ал өзүнүн акыл-эс жөнүндөгү ырааттуу концепциясын тартуулайт.

Чыгармада эпистемология жагдайында да бир топ алгылыктуу идеялар бар. Эгерде чыгармадагы таанып-билүүдөгө ойлордун жыйындысынан өзүнчө концептуалдуу бүтүндүктү түзө турган болсок, анда ойчул гносеология жаатындагы маанилүү болгон "акыл-эс" жана "билим" категорияларынын маңызын илимий көркөм иликтөөгө алгандыгын көрөбүз. Жусуп Баласагындын



дүйнө түшүнүү системасында акыл-эс негизги гносеологиялык фактор катары бааланат. Анын эки деңгээли бар: бири – практикалык-эмпирикалык үлгү алуу, үйрөнүү. Экинчиси – теориялык билим. Экөө биригип, адамдын жакшы менен жаманды, ак менен караны ажырата билүүсүнө жол ачат. Билим, теориялык таанып-окуу. Ал дүйнөнүн түркүн сырларын аңдап-билүүнү шарттайт жана нарктуу жүрүш-турушту, адамдагы асыл сапаттарды, касиеттерди жаратат.

**Үчүнчү параграф** "Этика-эстетикалык концептердин эпикалык формалары" деп аталат. Анда акындын ыйман, адеп-ахлак таалимдери, этика-эстетикалык интерпретациялары жана андагы баалуу идеялар каралган.

Поэмада укуктук-этикалык, коомдук-саясий, эстетикалык маселелеринин кеңири панорамасы тартылган. Себеби, чыгармада коомдун структурасы, мамлекетти башкаруунун жол-жосундары, социалдык катмарлар, алардын коомдо ээлеген орду жана өз ара мамилелери, эстетикалык ойлор таасын көрсөтүлгөн. Жусуп Баласагындын дастанында мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү берилген. Анын айныбас белгилеринин бири – бийлик башчысынын адилеттүүлүгү жана калыстыгы. Чыгарма өз ичине өкүмдарга зарыл болгон адеп-нравалык принциптердин системасын камтыйт, ал болсо жеке ажо үчүн гана эмес, жалпы адамдардын жашоо кодексине айланып (таалим-тарбия, адеп-ахлактык, илим-билим проблемалары), күнү бүгүнгө чейин өз таасирин жоготкон жок.

Акындын изденүүчүлүк аракети дидактикалык поэзиянын негизги принцибине ылайык адам бытиесине багытталган. Мындай аракеттин орто кылымдык теоборбордук көз караш менен чектелгендигине карабастан, анда адам проблемасы эң маанилүү орунду түзө алган. Адам түшүнүгү, поэманын маңызын түзгөн "асылдык" жана "ыйыктык" катары бааланып, гумандуулуктун жогорку даражасына айланган. Анын чордонунда, адам зоболосун бийик тутуу, адеп-ахлак, жүрүм-турум эрежелери жана ыймандуулук идеялары турат.

Ойчулдун эстетикалык көз карашы, кооздук менен сулуулукту баалоодогу көркөм табити, идеалы жана чыгармасындагы образдуу шарттуулуктар иликтенет.

Жусуптун рухий мурасында эстетикалык баалуулуктар өзгөчө орунда турат. "Эстетика" деген сөздү уга элек ойчул бул илимдин айрым түшүнүктөрүн даңазалаганы – анын аталган предметтин обьективдүү мүнөзүн ача билишинен жана акындын зирэктигинен, тубаса сезимтал экендигинен көрүнөт.

Эстетиканын тарыхында эстетика жана этиканын, сулуулуктун жана жакшылыктын эриш-аркак байланышы боюнча эки тенденция байкалат: биринчиси, сулуулук жана адептүүлүк ажырагыс биримдикте, ал эми көркөм өнөрдүн милдети – адамдарга жагымдуу моралдык таасир этүү деп ырастайт. Экинчиси болсо – аталган түшүнүктөрдүн бири-бирине карама-каршы экендигин далилдөөгө аракеттенет. Кала берсе, алардын айрымдары сулуулукту жакшылыкка курмандыкка чалуу керек дешкен. Жусуп ойчул биринчи тенденциянын талапкери болгон. Миң жыл мурда жашап өткөн гений аң-сезимден тышкаркы сулуулук, сонундук, асылдыктын айырмасын баамдаган.

Жусуп Баласагын үчүн сулуулук түшүнүгү адилеттүүлүк, чынчылдык, эстүүлүк түшүнүктөрү менен тыгыз байланыштуу. Башкача айтканда, ойчул үчүн эстетикалык идеал адам – акыл-эске ээ болгон, сергек, сезимтал, эрктүү, таза, эмгекчил, чыгармачыл, гармониялуу өнүккөн инсан. Акын өз чыгармасында жашоо-тиричиликтеги, адамдын моралдык турпатындагы, мүнөзүндөгү жана жүрүш-турушундагы бардык сулуулукту жана пайдалуулукту бир бүтүмгө чогултуу менен жалпы элдин энчисине айланткан.

**Диссертациянын корутунду бөлүмүндө** изилдөөдөн келип чыккан негизги жыйынтыктар берилди, алар:

1. “Куттуу билим”- накта теориялык стилде жазылган философиялык эмгек болсо да, ал өзүнүн маңыз-мазмундук парасаты боюнча философемалык мүнөздөгү эпико-доксографиялык мааниге ээ. Тарых дастан-мурасы турмуш коллизиясын көркөм-образдык формада жалпылап, түбөлүктүү өткөнчак-учурчак- келерчак үчилитигинин мезгилдик тогошуусунун антропоцентристтик көрүнүшүн туюндурат.

2. « Коомдо жашап туруп, андан сырткары болууга мүмкүн эмес », - деген таасын сөз бар. Андыктан ар кандай даанышмандын өмүр жолун жана чыгармачылыгын иликтөөдө изилдөөнүн обьектиси болгон инсан жалпы эле адамзаттын конкреттүү доор цивилизациясында ээлеген ордун даанараак аңдап билүүгө жолдомо берет. Демек, акын-ойчул Жусуп Баласагындын чыгармачылык идеяларынын калыптануусуна төмөнкү өбөлгө –шарттар болгон: **биринчиден** - орто кылымдарда экономикалык абалдын жогорку темпте өнүгүшү; ислам маданиятынын гүлдөп-өсүшү, **экинчиден** - ортодоксалдуу ислам идеологиясы жана башка элдердин маданий синтезинин таасиринен калыптанган, бай социалдык-философиялык ойлорду алып жүрүүчү Фергани, Фараби, Ибн-Сина, Бируни, Аль-Кинди, Ибн-Рушд, Ибн-Туфейл ж.б. сыяктуу Борборазиялык улуу



инсандардын болушу; **үчүнчүдөн** – байыркы гректердин, орто кылымдагы араб жана перстердин табигый илимдеринин жана ага байланышкан философиясынын, поэзиясынын таасири; **төртүнчүдөн** - кыргыз элинин социомаданий абалдары, ири тарыхый өзгөрүүлөрү, каада-салт, үрп-адаттары, диний ишенимдери, оозеки чыгармалары, элдин эмпирикалык ж.б. билимдери түздөн-түз таасир этишкен.

3. Ойчулдун чыгармасынын өзөгү гуманизм идеясына сугарылган. Себеби адам маңызы «сулуулук», «асылдык», «ыйыктык», «сонундук» катары бааланып, анын чордонун адамдык асыл-наркты бийик тутуу, адеп-ахлак, жүрүм-турум, ыймандуулук ж.б. касиеттер түзгөн. Кыскасы, бул жерде адамга карата сүйүү, анын таанып-билүү жана нравалык жөндөмдүүлүктөрү көкөлөтүлгөн, инсанга жаратылыштын жогорку мөмөсү катары мамиле жасалган.

4. Чыгармадагы социалдык–саясий көз караштын негизги өзгөчөлүгү мамлекет башкаруу институтунун структурасын, андагы инсандардын кесиптик компетенциясын берүүдөн көрүнөт. Ар бир кесиптин этика-эстетикалык ченемдерин, милдеттерин жана парздарын өтө так, айкын бергендигин, канткенде мамлекетти адилеттүү башкаруу ишке аша тургандыгын, адамдардын тең укукка жетишүү шарттары качан бышып, жетиле тургандыгын жана идеалдуу мамлекетти жаратуу идеясынын бүтүндөй системасын сунуш кылган.

5. Ойчулдун эстетикалык көз карашынын баалуулугу анын коомдук өсүшкө тиешелүү ар түрдүү көз караштарга, ойлорго бай экендигинде гана болбостон, баарыдан мурда ал ойлорду поэтикалык образдар, ар түрдүү көркөм ыкмалар, көркөм табылгалар аркылуу сүрөткердик менен көрсөтө алгандыгында. Анын көркөм ойлоосунда адам сулуулугу менен жаратылыш коздугун параллелдештирип, инсан сымбаттуулугун көркөм сүрөттөөдө жаратылыш коздугу эстетикалык үлгү болуп эсептелинет. Бул материалисттик көз караштын, мындан тышкары, бир улуу глобалдык мааниси бар: жаратылышка кайрылуу, анын байлыгын үйрөнүү, сырларын ачып, пайдаланууга умтулуунун акыбетинде табигый илимдер мурда болуп көрбөгөндөй өнүктү. Демек, карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшүү мыйзамы чаалыкпай далилдеп жаткандай, мезгили келгенде эстетика илими табигый илимдерге оң таасирин тийгизет.

6. Жусуп Баласагындын метафилософиясынын негизи төмөнкү түшүнүк, концепциялар менен мүнөздөлөт.

- Айлана–чөйрө, Аалам, дүйнөнү ойчулдун пикири боюнча төрт үчилтик түзөт: биринчиси - От, экинчиси - Суу, үчүнчүсү - Аба, ал эми төртүнчүсү - Жер болот. Демек, дүйнө түзүлүштүн негизин жогоруда белгиленген төрт башталма түзөт;
- Ойчулдун дүйнө карашынын дагы бир өзгөчөлүгү - бул Ааламдын модели жөнүндөгү элестөөсү болуп саналат. Негизинен Жусуп ойчулдун космологиялык концепциясы Аристотель-Птолемейдин геоцентристтик теориясы менен үндөш болгон. Бул системанын негизи - Жер Аалам борбору, анын тегерегинде айланып жүргөн жети планета бар деп ырастап, алардын ар бирине түркчө наам берген. Ошону менен бирге асман телолорунун мыйзам ченемдүү, ыраттуу аралыкта жайгашып, ар дайым кыймылда болорун божомолдогон;
- Жусуп Баласагындын чыгармасынын лейтмотиви жана квинтэсенциясы – билим болуп саналат. Ошундуктан да анын гносеологиясы рационалисттик багытта болгон. Ал эми акылды даңктоо теориялык табият иликтөөнүн өнүгүшү менен тыгыз байланышкан, рационалдуулук акыйкаттын өлчөмүнө айланат. Натыйжада логика илими өнүгөт. Ал эми логика менен тааныш болуу аалымдыктын жана билимдүүлүктүн белгиси болгон;
- Жусуп ойчулдун философиясынын эпистемология жагдайында да бир топ ийгиликтүү идеялар бар. Тышкы дүйнөнү таанып-билүүнүн маңызы, анын келип чыгышын мүнөздөгөн ой-пикирлер арбын. Андагы ойлорду жалпылаштырып, чыгармада айлана-чөйрөнү таанып-билүүдөгү акыл-эстин орду, илим-билимдин өнүгүшүндөгү адамдын субъектисинин активдүүлүгү баса белгинелет.

7. Акын-ойчул өз заманындагы коомдук-этикалык принциптерди, идеяларды ошол доордун тарыхы, маданияты, дини менен байланыштырып карап, аларды акыл таразасына салып баалап, нарктап ой толгогон. Ар түрдүү доордогу философиялык тексттерде «Адам деген эмне? Аны Жердеги уникалдуу зат деп атаса болобу? Адамдын жаратылышы, маңызы кандай?» деген суроолор берилип, мүмкүнчүлүккө жараша чечилип келген. Адам проблемасы – түбөлүктүү маселелердин бири. Себеби адамзат жашап турганда ал проблема өзүнүн актуалдуулугун сактаган бойдон калат жана анын ар кандай чечилиши толук эмес мүнөздө болот. Ал эмес адамдын дефинициясы да проблема боюнча калат, анткени бул дефиницияны адам өзү берет. Ушулардын баарын эсепке алган



Жусуп ойчул жалпы адам эмес, айрым кесип ээлери жөнүндө жазган. Чыгармада адам өмүрүнүн мааниси жана маңызы, анын коомдогу жүрүм-турум нормалары жана милдеттери терең көрсөтүлөт. Ошондуктан бул чыгарманы адамзатка ар убак рухий-нравалык азык болчу этикалык кодекс катары бааласак болот.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү публикацияларда чагылдырылган:**

1. Гуманизм и социально- этические взгляды Жусупа Баласагына. - Улуттук идеология жана кыргыз рухий дөөлөтүнүн кайра жаралышы. Регионалдык илимий теориялык конференциянын материалдар жыйнагы. – Ош: 1999. 35-39 бб.
2. Жусуп Баласагындын философиясы жана дүйнө таанымы // Научные труды ОшГУ. Общественные и гуманитарные науки. – Ош: 1999. – Вып.2. - 0,4 б.т.
3. Чыгыш ренессансы жана Баласагындык Жусуп (монография). – Ош: 2001. – 5, 75 б.т.
4. Ренессанс түшүнүгү жана Чыгыш ренессансы. - «Культурная наследие и инновации» Сб. материалов регионального научно-практической конференции проведенной в рамках диалога цивилизации, объявленного ООН и посвященной юбилеям: 10 летию суверенитета КР 50-летию ОшГУ. – Ош: 2001. стр. 48-52.
5. «Куттуу билимдин» кол жазмаларынын табылышы жөнүндө сөз. - «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары». ОшМУнун 50 жылдыгына арналган илимий практикалык конференциясынын материалдар жыйнагы. – Ош: 2001. 74-79-бб.
6. «Кутадгу билигдеги» төрт башталма жана космологиялык концепция. - «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары». ОшМУнун 50 жылдыгына арналган илимий практикалык конференциясынын материалдар жыйнагы. – Ош: 2001. 84-89-бб.
7. «Куттуу билимде» социалдык катмарлардын берилиши. - «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары». ОшМУнун 50 жылдыгына арналган илимий практикалык конференциясынын материалдар жыйнагы. – Ош: 2001. 79-84-бб.
8. «Куттуу билимдин» өзөгү жана сюжеттик мааниси. - Ф.и.д., профессор Ж.Жаныбековдун 70 жылдык маарекесине арналган «Кыргыз философиясынын актуалдуу проблемалары» аттуу регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдар жыйнагы. – Ош: 2002. 98-103-бб.
9. “Кутадгу билигдеги” рационализм жана гносеологиялык теория // Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление: Материалы конференции. Вестник ОшГУ. – Ош: 2004. – 0,4 б.т.
10. “Куттуу билим” түрк элдеринин рухий-орток мурасы // Новые векторы развития современного Кыргызстана: социальная мобилизация и добросовестное управление: Материалы конференции. Вестник ОшГУ. – Ош: 2004. – 0,4 б.т.
11. “Куттуу билимдеги” эстетикалык идеялар // Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций: Материалы международной научной конференции. Вестник ОшГУ. – Ош: 2004. – 0,5 б.т.
12. Проблемы деизма и экзистенциализма в “Кутадгу билиг” Юсуфа Баласагунского // Ислам в Центральной Азии: Материалы международной научно-теоретической конференции. Вестник. ОшГУ. – Ош: 2004. – 0,4 б.т.
13. Сущность человека и ее философская интерпретация в поэме “Кутадгу билиг” Юсуфа Баласагунского // Вестник ФерГУ. – Фергана: 2004. – Вып.2. – 0,4 б.т.
14. "Kutadgu biligdegi estetik dushunjeler". - Илимий журнал "Bilge" Туркия. Анкара: 2004.

# АННОТАЦИЯ

**К.А.Исаковдун "«Куттуу билим» трактатындагы эпико-доксографиялык парадигмалардын философиялык негиздери" 09.00.03 – философия тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты илимий даражасын издепип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кыскача мазмуну**

Диссертациялык иште орто кылымдардагы Чыгыш ренессансынын көрүнүктүү өкүлү Баласагындык Жусуптун чыгармачылыгына жана дүйнөгө болгон көз карашына философиялык талдоо жүргүзүлөт. Эмгек эки главадан, беш параграфтан, киришүү, корутунду бөлүмдөрүнөн жана пайдаланган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, изилденүү деңгээли, иштин максаты жана милдеттери, иликтөө обьектиси жана предмети, коргоого сунуш кылынган жоболор, эмгектин илимий жаңылыктары, изилдөө методдору, диссертациянын теориялык жана практикалык мааниси көрсөтүлгөн.

“Чыгыш ренессансы "Куттуу билимдин" социомаданий детеминанты” деп аталган биринчи главада диссертант тарабынан ренессанс жана Чыгыш ренессансы жөнүндө кеңири түшүнүктөр берилип, ошол кездеги улуу ойчулдар жана алардын чыгармачылыктары, рационалисттик көз караштары жөнүндөгү ар кыл илимий пикирлер талдоодон өтөт. Ошондой эле Чыгыш ренессансынын бир бөлүгү болгон орто кылымдардагы кыргыз элинин маданияты да иликтөөгө алынып, андагы кыргыз элинин жашоо образы, реалисттик көз караштары жана социомаданий абалдары жөнүндө баяндалат.

Ал эми "“Куттуу билимдин” теориялык жана практикалык субстанциялар" деп аталган экинчи главада Жусуп Баласагындын өмүрү, чыгармачылыгы анализге алынып, окумуштуулардын “Куттуу билимге” жана анын авторуна болгон көз караштары талданат. Ойчулдун дүйнө таанымынын системасы жана философиялык концепциялары тууралуу диссертант өзүнүн жеке пикирин айтат. Ошону менен катар аталган главада даанышман-ойчулдун моралдык-этикалык интерпретациялары, эстетикалык көз караштары жана андагы көркөм шарттуулуктар талдоого алынган.

Корутунду бөлүмүндө изилдөөдөн келип чыккан ойлор, бүтүмдөр, жыйынтыктар жөнүндө сөз болот.



# АННОТАЦИЯ

**Краткое содержание диссертации Исакова К.А. на тему «Философские основы эпико-доксографических парадигм в трактате "Куттуу билим"» на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 - история философии**

В диссертационной работе делается попытка философского анализа творчества Юсуфа Баласагуни. Работа включает в себя две главы, пять параграфов, введение, заключение и список использованной литературы.

Во введении обоснованы актуальность темы, определен уровень исследованности проблемы, научная новизна исследования, его методы, теоретическая и практическая значимость диссертации, обозначены цель и задачи исследования, его объект и предмет, сделаны выводы и представлены предложения, выносимые на защиту.

В первой главе - «"Куттуу билим" как социокультурное детерминант Восточного ренессанса» - даются подробные сведения о Ренессансе и Восточном Ренессансе, приводятся научно обоснованные суждения отдельных авторов-востоковедов о мыслителях Восточного Ренессанса и их творчестве. Наряду с этим анализируется средневековая культура кыргызского народа как составной части Восточного Ренессанса, рассматриваются образ жизни, мировоззрение и социокультурное состояние кыргызов той эпохи.

Во второй главе - «Теоретическая и практическая субстанции в "Куттуу билим"» — исследуется жизнь и творчество мыслителя, анализируются мнения ряда ученых о поэме «Благодатное знание» и ее авторе. Диссертант высказывает свое мнение о миропонимании и философских концепциях творца выдающейся поэмы. В указанной главе рассматриваются морально-этические категории интерпретации бытия, эстетические воззрения мыслителя, затрагивается и проблема художественной условности в наследии великого поэта.

В заключительной части работы представлены суждения, выводы, мысли, вытекающие из исследования.

K. A. Isakov

**Dissertation: "Philosophic basis of epic and doxographic paradigms in the treatise of "Kuttuu bilim"" for the Degree of Candidate of Science (Philosophy) in Speciality 09.00.03 - History of Philosophy**

## SUMMARY

The present research attempts to analyse Jusup Balasagun's creative work and outlook, who was a well-known representative of oriental medieval philosophy.

The paper comprises of Introduction, two chapters, six paragraphs, conclusions and a list of references.

The rationale and subject-matter of the research, its aims and objectives, the scientific novelty, research methods, theoretical and practical significance of the paper are stated in Introduction.

Chapter One that is entitled "Eastern Renaissance is a social and cultural determiner of "Kuttuu bilim"" ("Beneficial knowledge"), deals with data on Renaissance and Eastern Renaissance. It also quotes certain orientalists who studied thinkers of Oriental Renaissance and their creativity. At the same time the research analyses medieval culture of the Kyrgyz people as an integral part of Oriental Renaissance. Further, the paper describes the way of life, world outlook, as well as cultural and social context of the Kyrgyz population.

Chapter Two under the title "Theoretical and practical substances in "Kuttuu bilim"" analyses the thinker's life and creative work, as well as views of a number of scholars on "Kuttuu bilim" ("Beneficial Knowledge") and its author.

The author of the dissertation expresses his viewpoint on world outlook and philosophical conceptions of the creator of the outstanding poem. Furthermore, this chapter deals with social and ethical interpretations of existence, and the thinker's aesthetic views. It also touches upon the problem of fictional conventionality existing in the heritage of the well-known poet.

The concluding part of the paper contains the author's judgements, conclusions, and ideas withdrawn from the research.